УДК 37.02:82-131(=512.154)
DOI: 10.36979/1694-500X-2024-24-6-180-185

# УГЛУБЛЕНИЕ ЗНАНИЙ И ПОНЯТИЙ ШКОЛЬНИКОВ О БЛАГОСЛОВЕНИИ И ЗАВЕЩАНИИ, ЛЕЖАЩИХ В ОСНОВЕ ЭПОСА «МАНАС»

***Г.С. Рыспаева***

*Аннотация*. Рассматриваются вопросы воспитания подрастающего поколения посредством обычаев, традиций, обрядов, отражённых в эпосе «Манас», являющемся кладезью устного народного творчества кыргызского народа. Так же даются понятия «благословение», «завещание», которые подкрепляются примерами. Благословение представлено как явление, которое оказывает огромное воздействие на эволюцию индивида, его формирование и становление как личности, воспитание, начинающееся с момента рождения и продолжающееся на протяжении всего жизненного пути человека. Роль благословения в духовных ценностях нашего народа – важнейший ресурс для будущих поколений, а процесс передачи благословения и его получения выступает как неотъемлемый, характерный атрибут кыргызского образа жизни.

*Ключевые слова:* трилогия; ценности; патриотизм; примета; благословение; завещание; Тенгри; благодать; истинный; наследник; пример; гостеприимство; проклятие; благодарность; традиции; обычаи; ритуалы.

# «МАНАС» ЭПОСУНУН ӨЗӨГҮНДӨГҮ БАТА ЖАНА КЕРЭЭЗ МАСЕЛЕСИ ЖӨНҮНДӨ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН ТҮШҮНҮГҮН АРТТЫРУУ

***Г.С. Рыспаева***

*Аннотация*. Макалада кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын башаты болгон «Манас» эпосундагы каада-салт, үрп-адат, ырым-жырым, жөрөлгөлөрдүн жаш муундарды тарбиялоодогу орду тууралуу баяндалат. Ошондой эле бата берүү, бата алуу жана керээз маселелери боюнча түшүнүк берилип, алар мисалдар менен бышыкталат. Бата адамдын төрөлүшүнөн баштап, өмүр бою анын өнүгүшүнө, инсан катары калыптанышына, адам катары тарбияланышына зор таасир тийгизген кубулуш катары көрсөтүлгөн. Элибиздин көркөм дөөлөт, баалуулуктарынын ичиндеги батанын орду – келечек муун үчүн эң негизги ресурс, ошондой эле бата берүү жана бата алуу – кыргыздын жашоосуна мүнөздүү белгиси экендиги баяндалат.

*Түйүндүү сөздөр:* үчилтик; баалуулуктар; мекенчил; жөрөлгөлөр; бата; керээз; Теңир; кут; нукура; мураскер; үлгү; меймандос; каргыш; алкыш; каада-салт; үрп-адат; ырым-жырым.

# DEEPENING THE KNOWLEDGE AND UNDERSTANDING OF SCHOOLCHILDREN ABOUT THE BLESSING AND TESTAMENT UNDER THE EPIC «MANAS»

***G.S. Ryspaeva***

*Abstract*. The article discusses the issues of upbringing of the younger generation by means of customs, traditions, rituals reflected in the epic Manas which is a storehouse of oral folk art of the Kyrgyz people. The concepts of blessings and testaments are also giving and they supported examples. Blessing is presented as a phenomenon that has a huge impact on the evolution of an individual, his formation and development as a person, upbringing, starting from the moment of birth and continuing throughout the entire life path of a person. The role of blessing in the spiritual values of our people is the most important resource for future generations, and the process of transmitting and receiving blessings acts as an integral, characteristic attribute of the Kyrgyz way of life.

*Keywords:* trilogy; values; patriotsm; omen; blessings; testaments; Tengry; grace; true; heir; example; hospitality; curse; gratitude; traditions; customs; rituals.

Учурда социум, инсандык өнүгүү, адабият жана маданият мейкиндигинде өрүш алган таалим-тарбия ишин ачык-айкындаштыруу, гумандаштыруу, жан дүйнөнүн жардылыгына каршы күрөшүү сыяктуу тенденциялар көп кылымдык тарых сыноосунан өткөн түбөлүктүү баалуулукту кайрадан жандандыруу талабын коюуда. Мына ушул талапты тиешелүү деңгээлде ишке ашыруу үчүн «Манас» эпосун жаш курагына карабастан ар бир Кыргызстандын жараны окуп чыгып, окуялары менен каармандарын жакындан таанып, эпостун өзөгүндөгү баалуулуктарды аңдап-түшүнүп, аларды өз жашоосуна колдонуулары зарыл. Зарылдыкты чечүүнү мектепке чейинки билим берүү мекемелеринен, бала бакчадан, мектеп партасынан баштоо – келечектеги «мекенчил» инсанды калыптандыруунун айныгыс тепкичи. Бул жөнүндө С.А. Конгайтиеванын «Кыргыз мамлекетибизде жашап жатып, балдарыбызды башталгыч класстан тарта нукура кыргыз кылып тарбиялоо абзел. Мында ар кандай факторлор бар. Атап айтсак, базар экономикасына байланыштуу колунда бар ата-энелер жеке менчик, орус тилдүү мектептерге, бала бакчаларга окутуп-тарбиялатып жатышат», – деп баса белгилеген [1].

Баалуулуктар демекчи, анын каймагы, маңызы улуттук каада-салттарда, үрп-адаттарда, ырым-жырымдарда, жөрөлгөлөрдө терең сиңген. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 28-июнунда кабыл алынган (№ 59) «Манас» эпосу жөнүндөгү мыйзамында «Манас» үчилтигин сактоо, өнүктүрүүнүн бирден-бир келечектүү багыты жаш муундарды ата-бабалардан мурасталган баалуулуктардын мураскери катары тарбиялоо, – деп белгиленген [2]. Эгерде билим берүү системасы, алардын ичинде мугалимдер, окутуучулар, изилдөөчүлөр жана изденүүчүлөр болбосо – бул мыйзам кагазда гана калып, иш жүзүнө ашпай калуусу толук мүмкүн эле. Мына ушул мыйзамдын алкагында бир катар иш чаралар, маданий-адабий кечелер уюштурулуп жатат, бирок «иш баян» үчүн үстүртөн эле болуп жаткандай элес калтырууда.

Маселен, «Манаска» кызыккан көпчүлүк үчилтиктин чети оюлгус океан экендигин айтып келишет. Анын өзөгүнөн «кыргыз» деген улутка эмне таандык болсо, баардыгы: ичип-жеген тамак ашы, кийген кийим-кечеси, колдонгон буюм-тайымы, ойногон оюн-күлкүсү, таңтамашасы, карманган ырым-жырымы, үрп-адаты, каада-салты, жөрөлгөлөрү, ой туюму, дүйнө таанымы, тарыхы менен тамыры ж. б. ийне-жибине чейин тапса болот. Азыркы учурда ар тараптын (Европа, Кытай, Жапония, Корей ж. б. Батыш өлкөлөрүнүн) таасири тийген ааламдашуу процесси биздин улутубуздун келечегин тарбиялап-өстүрүүдө бир топ эле кедерги болуп жатат десек жаңылышпаган болор элек. Чынында эле, бул учурдун өтө көйгөй жараткан, ойлонткон чоң маселеси.

Окумуштуу Г.И. Волков: «Манас» эпосу кыргыз элдик педагогикалык ойлордун энциклопедиясы», – деп туура баа берген. Эпосто кыргыз элинин үрп-адаты, нарк-насили, медицинасы, улуттук оюндары, дүйнө таанымы, урпактардын өлбөс-өчпөс эрдиги, тарыхы, маданияты, бардыгы камтылган. Кыргыз элинин улуу жазуучусу Ч.Т. Айтматов эпостун таанымдык жана тарбиялык потенциалы жөнүндө: «Манас» – өзүбүзгө өзүбүздү тааныткан улуу зат. «Манас» аркылуу биз өзүбүздү өзүбүз бекемдейбиз, ким экенибизди далилдейбиз жана келечекке көз таштайбыз. Ал ар бир урпак үчүн руханий кубат», – деп жазган [3].

Кыргызды ааламга тааныткан адамдын пикиринен улам, «өсөр өзүн сыйлайт» деген кептин төркүнүнө дагы бир жолу ынанып, «кыргыз» экенибизге сүйүнүп, өздүгүбүзгө кайтып келүүгө болгон иш-аракеттерге, максат-милдеттерге ар бирибиз жоопкерчиликтүү болушубуз керек. Ал үчүн күн тартибиндеги эң башкы маселе – кыргыз улутунун көркөм дөөлөттөрү менен баалуулуктары үчүн кайдыгер карабай турган «мекенчил» азамат атуулдарды тарбиялап чыгаруу. Албетте, тарбиялоо иши келечекке багытталганы менен, ал өткөнгө таянып, андан сабак алып, аны үлгү тутуп, келечек урпакка энчи болгон улуу эпосубузга таянып, үчилтиктин өзөгүндөгү «улуттук идеологияны» ажырата билип – ошонун негизинде өзөккө кайтып келүүбүз керек.

Идеология демекчи – бул сөз «идея» жана «логия – окуу» деген эки тутумдан туруп, коомдук турмуштун бир жааты; курчап турган дүйнөгө карата адамдардын мамилесин жана

өз ара катышын аныктаган, мүнөздөгөн, максат-ниеттерин негиздеген ой-түшүнүктөр тутуму дегенди билдирет. Адам алдына койгон максатын, жасаган ишин, көздөгөн ниетин, ага жетүүнүн жолдорун, куралдарын жана каражаттарын кайсы бир ой, идеяларга таянып түшүнөт, таратат. Ушундан идеология жаралат. Ар иштин (чоң, кичине, чакан, коомдук, диний, аймактык, мамлекеттик, дүйнөлүк ж. б.) идеологиясы болот. Идеологиясыз коом болбойт. Идеологиянын негизинде таалим-тарбия иши жүргүзүлөт, коомдук мамилелер аныкталат, чыгармачылык калыптанат, адамдар бири-бири менен өз ара түшүнүшөт, биригет, коомчулук жана адамдардын чоң массасы белгилүү бир максатты, багытты көздөй мобилизацияланат, саясат ишке ашырылат [4].

Мындан улам «Манас» эпосунун тулкусундагы үлгү азыркы ааламдашуу заманындагы улуттук идеологиянын мыкты үлгүсү деп айтууга болот. Анткени үчилтиктин өзөгүндөгү бир эле тармак – биз сөз кыла турган каада-салт, үрп-адат, ырым-жырым, жөрөлгөлөрдү эле ала турган болсок, эмне деген кен, кандай гана идеология жатат. Эпостун бүткүл көркөмдүк түзүлүшү абдан сонун, укмуш идеялардын топтомунан турат. Баштан-аяк улап, өөрчүтүп-өнүктүрүп, «Манас» эпосунун түндүгүн көтөрүп турган – эркиндик идеясы, көз каранды эместиктин идеясы, интернационализмдин, достуктун, биримдиктин идеясы. Бизге эпос дал ошонусу менен баалуу.

Эпос камтыган окуя, турмуш өтө кеңири жана ар түрдүү, ар кыл. Ал кадимки ырым-жырымдан баштап, адамдын эл, жер менен болгон татаал байланышына чейин сүрөттөп, аш-той, каада-салт, айтор, адам турмушуна, тилине, умтулуу максаттарына тиешелүү окуялардан сүрөттөлбөй калган эч нерсе жоктой. Башкасын айтпаганда да «Көкөтөйдүн ашында» сүрөттөлгөн каада-салт эмне деген эстетикалык мааниге ээ. Каада-салт, үрп-адат, ырым-жырым – үчөө бир айтылып турган менен, үчөөнүн ар биринин өз алдынча аткарган миссиясы бар. Адамдын төрөлүшү менен өмүрүнүн акырына чейин, керек болсо, бул дүйнөдөн көзү өтүп кетсе да, каада-салт, ырым-жырым, үрп-адат коштоп жүрүп отурат.

Маселен, *киндик кесүү, сары май менен оозантуу, сүйүнчүлөө, карын чачын алуу, көрүндүк берүү, ат коюу, наристенин кыркын чыгаруу, бешикке салуу, тушоо кесүү, мал энчилөө, сүннөткө отургузуу* – баланын төрөлүшү, бала чагы, өспүрүм курагына байланыштуу болсо; *керээз айтуу, өлүктү угузуу, өлүктү жууп-кепиндөө, жоктоо-эскерүү-кошок кошуу, өлгөн адамдын өтүнүчүн аткаруу* – адамдын бул жарык дүйнөдөн өтүп, көз жумуусуна байланыштуу жасалган жөрөлгөлөр.

Адамдын өлүмүнө байланыштуу жөрөлгөлөрдүн ичинде кыргыздар өзгөчө маани бере турган «керээз» маселеси бар. Байыртадан кыргыз элинде аттуу-баштуу инсандар, төбөсү элге көрүнгөн төрөлөр, эл бийлеген журт башылар, атагы алыска угулган баатырлардан баштап катардагы адамдар өмүрү менен коштошор алдында калкка, артында калган урпактарына, тууган-туушкандарына, жакын адамдарына акыл-насаатын, жакшы сөзүн, каалоо-тилегин айтып, өзүнүн жакшы сапаттары менен элдин эсинде, сөзүндө калууга аракет кылышкан. Ал эми анын керээзин уккан адамдар анын өтүнүчүн аткарууга милдеттүү болушкан. Керээзге байланыштуу эпостогу бир учурга көңүл буралы: *Көкөтөй Бай деген тууганынын Баймырза аттуу баласын чакыртып алып:*

*Артымда балам жаш калды, малым бош калды, мен өлгөндө малымды бүлдүрбөй, келиндин тоюндай, балдардын оюнундай кылып гана, кишиге билгизбей, эптеп көөмп койгула. Тирүү кишиге мал керек. Бокмурун өзү шок эле, балалык кылып, атамдын өзүнүн жыйган малын өзүнөн аябайм, элге нуска болгудай иш кылып, жер жүзүндөгү элдин баарын чакырып, аш берем – деп жүрбөсүн. Жакыптын уулу Манас деген бар, ага Көкөтөй өлдү – деп, кабар берсеңер, ал «Көкөтөйдү дүйнөгө маалым кылам», – деп, кытай, калмак ж. б. баарын чакырып, кыргыздын малын аябай чача турган киши. Менин өлгөнүмдү Манас эмес, айылдагылардын да билгени билип, билбегени билбей калсын. Баймырза балам, менин ушул сөзүмдү Бокмурунга төкпөй-чачпай айткын! – дейт* [5, 101-б.]. Көкөтөйдүн керээзи көпчүлүктүн, жамы журттун бир эсе ичин ачыштырса, бир эсе өтө олуттуу тапшырма берип милдеттендирип жатат.

Ашым Жакыпбектин «Теңири Манас» романында Манас баатырдын керээзи төмөндөгүчө берилет: *«Манас кылагы көзүн кылайтып, кол жаңсап уу-дууну токтотуп, күңгүрөнүп жай сүйлөп, ишенген баатырларына керээзин айта баштады: ...Кылымдарды карыткан кырк уруу кыргыз бирде азуусун айга жанып көк чапчып, ааламга айгай салганын, жер бетине батпай куюндап-удургуп жүргөнүн, бирде күңкор болуп мүңкүрөп, жашынганы аска-зоо бийик болуп, жалынганы кайберен кийик болуп келатканын айтты Манас. Бирде түтөп жалындап, бирде көңсүп-быкшып жатканын, ошондо да элдигин жоготпой, ата-бабанын өрнөгү, элдин-жердин намысы деп айыгышып-алпурушуп келатканын айтты Манас.*

*– Элдин балалыгы же карылыгы болбойт, болсо зор болот, болбосо кор болот, – деп насаат айтты Манас. – Ынтымагы бар элге ырыс жугат, ынтымагы жок элди каргыш урат, – деп осуят айтты Манас. – Чыгаан эр элдин башын бириктирет, чыкпас көр элди ичтен иритет, – деп накыл айтты Манас. – Эл ынтымагын уютар аталары бар болсун кыргыздын, элдин ырыс-кешигин байытар энелери болсун кыргыздын, эл жакасын бейкут багар кыраандары болсун кыргыздын, – деп акылын айтты Манас. – Кылымды көргөн карыларым, алдыда жүрсө акжолтой, артта жүрсө сан колдой көсөмдөрүм, акылдаш жоролорум, булдурсун колдон түшсө өрүмүм, Наркескен колдон түшсө байнеги болгон, каныбыз бирге төгүлгөн, жаныбыз Көк Теңирден бөгүлгөн жан кыйышпас кырк чором, кулалы таптап жүрүп куш кылдым, куранды журттарды топтоп жүрүп эл кылдым, Энесай, Алтай, Алтагды алты имерип коргоп жүрүп кайтарып кыргызга Мекен кылдым, Таласты Ата-Баба чордону деп Ордо кылдым, ушунун баарын карап-багып алгыла! Ынтымагыңарга кут консун! Бар бол, кыргызым! – деп керээзин айтты Манас»* [6, 521-б.].

Адамдын акыркы өтүнүчүн аткаруу да – өтө чоң жоопкерчилик. Ал эми кыргыз эли антка, шертке, сөз менен убадага бекем, ата-бабадан калган салт-кааданы, жөрөлгөнү унутта калтырып, кайдыгер мамиле жасаган эмес. Адамзаттын жашоосунда ак менен кара, жакшы менен жаман, өлүм менен өмүр куйрук улаш жүрөт. Демек, керээз акыркы сөз болсо, бата – адамдын жашоосун жакшылыкка, нурга бөлөй турчу сыйкыр күчү бар сөз.

Элибизде «жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт» деп бекеринен айтылбаса керек. Чынында эле, суу, жамгыр жердин гүлдөшүнө, бата элдин адам катары калыптанышына түздөн-түз таасирин тийгизет. Кыргыздар төрөлгөндөн баштап, өмүр бою көпчүлүктүн батасын алып өсүп-чоңоёт. Бата берүү – кыргыз элинин байыртадан сакталып келген улуу салты, андыктан бата берүү да, бата алуу да – кыргыз баласы үчүн абдан маанилүү, эгерде адам жаштайынан көп бата алса, анын жеке өмүрүндө жакшылыктар көп болот.

Ар бир кыргыз өз кезегинде өзүнө кылынган жакшылык же жардам үчүн ыраазы болуп, ыракмат айтат эмеспи, мына ушул ыраазычылыкты батага айлантып, каалоо-тилек, алкоо менен коштогон болсо жакшылык кылган адамдын жолу ачылып, иштеген иши илгерилеп, бакдөөлөтү артып, андан ары да жакшылыкка себепчи болууга аракет кылышы турган иш. Мына ушул тарабынан алганда элдик оозеки чыгармалардын негизинде келечек муундарды тарбиялачак – жемиштүү келечек ээлерин күтүүгө болот. Сөзүбүз кургак болбосун үчүн, бата тууралуу бир нече мисалдарга токтолсок: «*Узундугу жети кез, туурасы беш кез бул сандык толтура Манастын каруу-жарагы. Кошой алиги кучактап чыккан найзалардын ичинен Манаска арналган Сырнайзаны алып келип, чоң сандыктын башына сая кармап туруп, Манасты Аккуласына мингизип, маңдайына тургузду да эки алаканын Көккө жая берип, батасын айтты баркылдап:*

*– Касыңдын каны чачылсын, калкыңдын багы ачылсын, досуңдун көөнү басылсын, жоо жолобой сүрдөсүн, каруу болсун күндүзү, кароол болсун түндөсү, калканыч болсун элиңе, кайрат болсун белиңе, бу Сырнайзанын учундагы көк асаба кыргыздын болсун желеги, бу жоо-жарак Көк Теңирдин сага болсун белеги! Теңир, жалга! Теңир, колдо!*» [6, 123-б.].

Келтирилген мисалда Кошой менен Бакайдын үңкүрдө катылган жоо-жаракты алып чыгып, Манас баатырга жарагын тапшырып жатып айткан батасына күбө болдук. Ал эми эпостун ичинде аялдарга, балдарга берилген баталар да

жок эмес. Алсак, баатырдын айкөл абасы Кошойдун келини Каныкейге берген батасы да өзгөчө: «*...Кошой аял жамаатын башкарып аш үйдө жүргөн Каныкейди чакыртып алды да, баркылдап батасын берди:*

*– Бала көр, балам, айныбай! Көргөн балаң ургаачы болбой, эр болсун, аюу болбой, шер болсун! Атпай Кара кыргызга арка тирек бел болсун! Касташканы кор болсун, Көк Теңир колдоп зор болсун!.. – деп эки алаканын төбөсүнөн бийик Көккө көтөргөндө тегеректеген эл чуулдап кошо бата берди. Каныкей көзүнүн жашы кылгырып, тал чыбыктай ийилди, абасына таазим кылып жүгүндү*» [6, 326-б.].

Ырасында, баардык нерсе Кудайдын улуу буйругу менен болот эмеспи... Жогорудагы чын дилден айтылган батада Теңирге, Кудайга ниет билдирип, анын жардамы менен адамзаттын жашоосуна керек боло турган жагдайлар өз ордунда болоруна түшүнсөк болот. Адабияттын аалымы Ч.Т. Айтматов өз чыгармаларында “бата” дегенге сөзсүз түрдө маани берип, кайрылгандыгын билебиз. Алсак, анын «Ак кеме» повестинде байыркы кыргыздын залкар батасын «Бугу эненин» айтуусунда төмөндөгүчө берген: «*Жер тилип эгин эккиле, мал багып, балык улагыла. Ошентип бейпил теңчилик, бейкут тынчтыкта миң-миң жыл өмүр сүргүлө. Учуңар узарып, урук-тукумуңар көбөйсүн. Алдыңарды бала басып, Аркаңарга мал толсун. Сүйлөсө тилге жатык, укса кулакка мукам, алыстан ала келген эне тилиңерди, укум-тукумуңар унутпасын. Эне тилинде элин, жерин даңазалап ырдап жүрсүн. Кишиден кем болбогула, башка элге тең болгула. Мен эми силерге, силердин укум-тукумуңарга Умай энемин, силер менен түбөлүккө бирге жүрөм...*» [7, 71–72-бб.].

«Жакшы сөз – жарым ырыс» дегендей, Бугу эненин батасы кыргыздардын укум-тукумуна берген «ак бата» болуп, кыргыз кыргыз болуп жаралып, түптөлүп, «кызы – кырымга, уулу – урумга» жетип, этек-жеңи жайылып, душмандын ачуусун акылы менен жеңип, даанышмандыктын үлгүсү болуп, кең пейил, бийик адамдык парасат, меймандостугу менен адамзаттын жашоосунун үлгүсү болуп жаткандыгын дүйнөлүк эксперттер айтып жатышкандыгын эч ким төгүнгө чыгара албайт.

Кезеги келгенде, доско да, каска да чын дилинен айтылган сөз, «пенденин оозунда болсо, Алланын кулагында» дегендей каалоо-тилек же болбосо бата түзмө-түз тиет. Эл ичинде өчөгүшкөн же араздашкан адамдар арасында көрө албастык, ичи тардык, көр пенделик кылып бири-биринин кебин укпай, биринен бири мыктыбыз деген пенделик куру намыстан улам «тескери бата» деген да түшүнүк орун алган. Бир сөз менен айтканда, «алкыш» жана анын карама-каршысы «каргыш» деген эки түшүнүк адамзаттын жашоосунда, анын ичинде байыртадан бери кыргыздардын турмушунда үзөңгүлөш болуп келген көрүнүш. Аталган эки сөз тең өз кезегинде кандайдыр бир магиялык күчкө ээ болгон сөздөр, эгер алар чын дилден айтылган болсо, сөзсүз түрдө таасирин тийгизген. Байыркы кыргыздар отко, ссуга, айга, күнгө, асманга, жерге, Теңирге, ата-бабалардын арбактарына жана ар кандай жан-жаныбарларга сыйынышкан.

Натыйжада адам менен жаратылыштын айкалышына карата «культ» түшүнүгү келип чыгып, ошол культтардын ичинде Теңирге сыйынуу өзгөчө орунда турган. Мындан улам, «Теңир жалгасын!», «Кут даарысын!», «Кудай тилегиңди берсин!», «Башыңа кут келсин!», «Ырыскың кенен болсун!», «Бак карасын, Кыдыр даарысын!», «Кетпес дөөлөт, кемтиги жок пейил берсин!» деген өңдүү көптөгөн алкоолор пайда болуп, эл аларды өз турмуш-тиричилигине, жашоо-турмушуна колдонуп келишкен. «Кут» деген сөз Махмуд Кашкаринин «Диван лугатат-түрк» сөздүгүндө – «бакыт, ырыскы, байлык» деген мааниде берилет.

**Корутунду.** Демек, ушундан кийин адам баласынын жашоосу сапаттуу болушу керек болсо, сөзсүз түрдө жан-дүйнөсүндө жакшы гана нерселер болуп, ооздон жана ниеттен жакшы гана сөз, ниет чыгыш керек. Ал эми «жакшы сөз» менен «жакшы тилек» адамдын өмүрүн узартып, ден соолугун чыңдайт. Тескери бата алган адам да, тескери бата берген киши да – адамдык сапаттын эң төмөнкү көрсөткүчүнүн өкүлү болуп саналат.

Ошондуктан адам кандай гана жагдай болбосун, кыймыл-аракети менен гана эмес, ою, тили, сөзү менен да эч кимге жамандык жасабашы керек. Мына ушул өтө маани берилбеген

жөнөкөй маселелерди жаш муундардын кулагына куюп, кабыл алуусуна терең сиңирип тарбиялоо зарылдыгы – бүгүнкү күндүн эң башкы талабы. Андыктан кичинекей баланын көчөт кезинен аз-аздан болсо да бата алып, өзү да өзүнө кылынган жакшы мамилеге ыраазы болгон учурда сөз менен чын ниетинен, дилинен ыраазы болуу менен бирге, келечекте жакшы ой, ниет менен ыраазычылыгын айтканда гана «жолу шыдыр, жолдошу Кыдыр» болоруна бекем ишениши керектигин милдеттендирүү зарыл. Качан гана өсүп келе жаткан жаш муундар өз керт башына тагылган милдетти так аныктаганда гана, жыйынтыктуу натыйжа болот. Демек, ушул айтылгандарды эске алып, мугалим ар бир сабакта жана өтүлгөн теманын ийне-жибине чейин деталдуу көңүл буруп, сабактын натыйжалуу болушун алдын-ала пландап, максат-милдеттерине өзгөчө мамиле кылуусу шарт. Эң негизгиси, билим өз эне тилинде жана өз улутунун тарых-таржымалына таянуу менен берилген билим өтө жугумдуу жана жемиштүү болот.

Поступила.: 31.01.24; рецензирована: 14.02.24; принята: 16.02.24.

***Адабияттар***

1. *Конгайтиева С.А.* Воспитание учащихся начальных классов с помощью средств этнопедагогики (Башталгыч класстын окуучуларын этнопедагогикалык каражаттардын жардамы менен окутуу) / С.А. Конгайтиева // Вестник КРСУ. 2022. Т. 22. № 2. С. 119–124.
2. Кыргыз Республикасынын «Манас» эпосу жөнүндө мыйзамы, 2011, 28-июнь, 4-берене, 1-пункт.
3. *Айтматов Ч.* Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. «Манас» (С. Орозбаковдун варианты боюнча) / Ч. Айтматов. Фрунзе, 1984. 1-китеп.
4. «Кыргызстан» улуттук энциклопедиясы: 3-т. / башкы редактору Ү.А. Асанов. К97. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2011. 784-б., илл. ISBN 978-9967-14-074-5.
5. Манас, Семетей, Сейтек: эпостор / түз. З. Бектенов, К. Нанаев. Бишкек: Шам, 1999. 368 б.
6. *Ашым Жакыпбек.* Теңири Манас: роман / А. Жакыпбек. Бишкек: Кыргызстан, 1995. 560 б.
7. *Ч. Айтматов.* Чыгармаларынын жыйнагы: VI том. Повесттер, аңгемелер. / түз. А. Акматалиев. 3-бас. Бишкек: Улуу тоолор, 2014.